И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.18.573 - диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген изденүүчү Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясына карата

КОРУТУНДУСУ

Курамында: төрага Алимбеков А., п.и.д., профессор., мүчөлөрү: Асипова Н.А. п.и.д., профессор., Бабаев Д.Б. п.и.д., профессор болгон **диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы** изденүүчү Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

1. Диссертациялык кеңешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.

Иште 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгууга байланыштуу изилдөө жүргүзүлгөн.

Иштин максаты - айыл мектептерде ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу жана аны натыйжалуу ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын түзүү жана аны мектеп практикасына киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

Коюлган максаттарды чечүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** белгиленген:

1. Ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү маданиятын өркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык негиздерин ачып көрсөтүү.

2. Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн мазмунун, критериалдык көрсөткүчтөрүн, деңгээлдерин аныктоо.

3. Айыл мектебининде автордук "Энелер мектебинин" алкагында ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын айкындоо жана аларды эксперимент аркылуу текшерүү.

4. Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде жалпы орто билим берүүчү мектептер үчүн илимий-методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациялык изилдөөнүн **объектин** айыл мектептерде ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өнүктүрүү процесси ал эми **предметин** айыл мектептерде ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын айкындоо маселелери түзөт.

Изилдөөнүн методдору: илимий адабияттарды анализдөө, байкоо, алдыңкы педагогикалык тажрыйба түзүү жана жалпылаштыруу, эксперимент.

Бул **объект жана предмет 13.00.01** - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин талаптарына туура келет.

2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Кыргыз Республикасында үй-бүлө инсанды социалдаштыруучу баштапкы жана негизги институт экендиги конституциялык мыйзам менен тастыкталган. Тилекке каршы азыркы ата-энелердин көпчүлүк бөлүгү баланы руханий жактан өнүктүрүүгө караганда эмес, аны материалдык жактан камсыздоого көбүрөөк кам көрүшөт. Үй-бүлө менен мектептин максаттары жана аларды ишке ашыруунун айрым жолдору мектепке тиешелүү болгон бардык документтерде жана методикалык басылмаларда, ошону менен катар белгилүү педагогдордун эмгектеринде чагылдырылган.

Изилденип жаткан проблема боюнча илимий - педагогикалык адабияттарга жана социалдык-педагогикалык тажрыйбаларга жүргүзүлгөн

анализ ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өнүктүрүүгө кедергисин тийгизип жаткан бир катар карама -каршылыктар бар экендигин ачыкка чыгарды. Алсак, азыркы ата-энелердин басымдуу көпчүлүгү педагогикалык маданиятынын тайыздыгынан улам өз балдарын окутуу – тарбиялоо жаатында компетенсиздигин көрсөтүп келет. Ошону менен бирдикте мектепте ата -энелердин педагогикалык маданиятын кантип өркүндөтүү зарыл? -деген суроого илим тарабынан жетишээрлик жооп бериле элек. Демек, педагогика илимининин өнүгүшүнүн азыркы этабында айыл мектептерде ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын атайын иликтөө маселелери актуалдуу бойдон калууда.

3. Диссертациянын илимий натыйжалары

Диссертациялык ишти анализдөө учурунда *эксперттик комиссия* тарабынан бөлүүнүп көрсөтүлгөн илимий жыйынтыктар изилдөөчү тарабынан тарызделген варианттан айрым өзгөчөлүктөргө ээ. Эксперттик түзөтүүлөрдүн негизиндеги варианты төмөндө чагылдырылды:

1-жыйынтык. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык негиздери айкындалган. (1.1. 10-41 б.б.)

2-жыйынтык. Ата энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы, критерийлери иштелип чыкты. (1.2., 1-3., 2.1. 60-89 б.б)

3-жыйынтык. Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары илимий жактан негизделип, эксперимент аркылуу тастыкталды. (2.1. , 2.2. 89-122 б.б.)

4- натыйжа. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө арналган автордук программа жана колдонмолор даярдалып апробациядан өткөрүлдү. (3.1., 3.2. 124-144 б.б.)

4. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу.

Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү – анын натыйжаларын пайдалануу, билим сапатына диагноздоо жана мониторинг жүргүзүү, өркүндөтүүгө, ата

энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыгып таасирдүүлүгү көп жылдык тажрыйбада тастыкталган "Энелер мектебин" – ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун жаңы модели катары колдонууга болот жана колдонулуп келе жатат. Автордун тажрыйбасы Мугалимдердин бир катар сьезддеринде Республикалык илимий-практикалык конференцияда (2018) жактырылып массалык практикага жайылтуу боюнча чечим кабыл алынган. Изилдөөнүн натыйжаларын камтыган автордун илимий методикалык колдонмолорун жогорку окуу жайлардын мугалимдерди даярдоо практикасында колдонууга болот.

5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана тыянактарын жарыяланышы жана жана аларды балдык өлчөмү.

Диссертациянын негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде жарыяланган жана аларга 150 балл берүүгө болот.

1. Билим баалуулугу. – Ош.1997-ж.
2. Билимге сапар. – Бишкек.2001-ж
3. Ата-энелер сиздер үчүн. – Бишкек. 2001-ж.
4. Акыл эмгегинин маданияты. – Бишкек. 2003-ж
5. Устаттык өнөрү. – Бишкек. 2006-ж.
6. Акыл эмгегинин маданияты. 2- басылышы. – Бишкек-2009-ж.
7. Устаттык өнөрү. 2- басылышы. – Бишкек. 2011-ж.
8. Акыл эмгегинин маданияты. 3- басылышы. – Бишкек. 2012-ж.
9. Ата-энелер сиздер үчүн. 2- басылышы. – Бишкек. 2016-ж.
10. "Мектеп окуучуларын рухий – адептик жактан тарбиялоонун айрым көйгөйлөрү" // "Билим берүүнүн рухий – ыймандык дөөлөттөрү: абалы жана келечеги" илимий симпозиум, – Бишкек-2013-ж, 33-б.
11. Г. Мадаминов, Кенженазар кызы А. "Азыркы мезгилдеги жаш муундар тарбиясындагы социалдык-психологиялык көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору (Лейлек районундагы №3 эксперименталдык гимназиянын мисалында)"// Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университеттин жарчысы. – Бишкек. 2014-ж., 33-б.
12. "Жаш муундун ден соолугун чыңдоодогу үй-бүлөнүн жана мектептин биргелешкен иши". // "Дени сак муун – руху таза коомдун тиреги" республикалык 7- илимий симпозиум. – Бишкек, 2014-ж. 115-б.
13. "XIX к. Аягы – XX к. башындагы Түштүк Кыргызстандагы эгемендикке, илим билимге чакырган айдыңдар жана акындар: Абдираим Шама (1892-

1975-жж.)”// Борбордук Азияны дүнгүрөткөн Улуттук Боштондук көтөрүлүшкө 100 жыл. – Бишкек, 2016-ж. 136-б.
14. “Мектеп, мугалим менен ата – эненин байланышы” Шоокум №5 (115) май, 2016-ж, 30-бет.
15. Каниметов.Ж.К, Мадаминов.Г.М. “Билим берүүнү демократиялаштыруу мектеп жана жогорку окуу жай кызматташтыгынын жаңы модели катары”// И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. Бишкек, 2016. 51-55-б.
16. Каниметов Ж., Мадаминов Г. “Актуальные вопросы развития педагогической культуры радителей” // Известия Кыргызского государственного технического университета им.И.Раззакова. №4 (40). Бишкек, 2016. 234-б.
17. Мадаминов.Г “Подготовка школьников для обучения в Международных университетах”// Известия Кыргызского государственного технического университета им.И.Раззакова №4(40). – Бишкек, 2016. 238-б.
18. Мадаминов.Г “Акыл эмгегинин маданиятын пайдалануу аркылуу билим, тарбия сапатына жетүү” // Б.Данияров: Агартуу майданындагы усулдук изденүүлөр жана табылгалар (1924-2015). – Ош, 2015. 7-б.

6. **Автореферaттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү изденүүчү Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча автореферaттын мазмунуна негизинен дал келет. Автореферaттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

7. **Диссертацияны төмөнкүдөй айрым мүчүлүштүктөрдөн арылтуу керек**

1. Айрым стилдик каталар учурайт. Автор айрым жерлерде *«амал кылуу»* деген ж.б.у.с. сыяктуу жергиликтүү диалекттерди колдонуп жиберген.
2. Диссертация жана автореферaттын текстин, колдонулган адабияттар туралуу маалыматтарды ВАК тарабынан колдонулган эреже стандарттарга шайкеш келтирүү керек. Автореферaттагы резюмелердин орусча, англисче вариант менен толуктоо керек. автореферат көлөм жагынан бир аз кыскартууга муктаж.

3. Айрым шилтеме берилген адабияттарды так көрсөтүү керек.

8. **Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди сунуштоону негиздөө.**

Эксперттик комиссия сунуштаган жетектөөчү мекеме: С. Нааматов атындагы **Нарын мамлекеттик унивеситетинин** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин докторлору, кандидаттары эмгектенген педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасы (кафедра башчысы п.и.д. профессор Сияев Т.М., п.и.д. доцент Ширматова. И.К., п.и.д. доцент Ибраев К ., п.и.д. доцент Касымова Г.) сунушталат.

9. **Эксперттик комиссия** сунуштаган **расмий оппоненттер:**

Биринчи официалдуу оппонент– педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков Акматали (13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы), изилдөө проблемасына жакын төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Тарбиянын максатын аныктоонун тарыхый негиздери жана азыркы проблемалары//ЖАГунун жарчысы.-2012, №1 -126-129

2. «Коркут баба китеби» мурасындагы ак нике аркылуу үй бүлө куруу, тукум улоо туралуу түрк элдеринин салттык баалуулуктарынын чагылдырылышы. // БГУ жарчысы.2017, № 3(41) -27-31 б.б.

2. Байыркы түрк элдеринде балдарды жоокердик өнөргө даярдоодогу ата энелердин орду// Вестник БГУ. 2018.- No 1(43) . - С.36-39.

Экинчи официалдуу оппонент– педагогика илимдеринин кандидаты доцент Токтомамбетов Алмазбек., (13.0*0.01* – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы), изилдөө проблемасына жакын төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Мыкты деген кандай мугалим же алдыңкы тажрыйба тууралуу//Известия Вузов Кыргызстана.- 2016, №7-38-41.

2. Башталгыч билим берүү – мамлекеттүүлүктүн башаты//Кыргыз билим берүү академиясынын сайты.http://www.kao.kg

3. Экинчи класста адабий окуу китеби менен иштөө өзгөчөлүктөрү / методикалык колдонмо, «Кыргызстан-Сорос» фонду. Б., 1998 -45 б

Комиссия сунушталган документтерди карап чыгып, Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарыттуу темадагы, 13.00.01–жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражаны изденип алуу боюнча Д 13.18.573 диссертациялык кеңешинде коргоо үчүн кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын төрагасы:

п.и.д., профессор Алимбеков А.

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү:

п.и.д., профессор Асипова Н.А.

п.и.д., профессор Бабаев Д.Б.

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн кол тамгасын тастыктайм.
Окумуштуу катчы